Simbank | DOSCREDOBANK

# «ДОС-КРЕДОБАНК» ААКНЫН SIMBANK МОБИЛДИК СЕРВИСИНИН РЕФЕРАЛДЫК ПРОГРАММАСЫНЫН АЛКАГЫНДА ЖОГОРУЛАТЫЛГАН ТӨЛӨМДӨР МЕНЕН ӨТКӨРҮЛҮҮЧҮ АКЦИЯНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул акция (мындан ары - Акция) Simbank мобилдик банктык сервисин сунуштаган «Дос-Кредобанк» ААК (мындан ары - Банк) тарабынан Simbankтын колдонуудагы Рефералдык программасынын алкагында өткөрүлөт.

1.2. Акцияны өткөрүү мөөнөтү: 2026-жылдын 12-октябрынан 2026-жылдын 15-ноябрына чейин кошо алганда (5 календардык жума).

1.3. Акция кызыктыруучу лотерея болуп саналбайт. Сый акы кокустук элементи жок, так аныкталган шарттар аткарылганда чегерилет.

## 2. Акциянын катышуучулары

2.1. 16 жашка чыккан, идентификациялоодон өткөн жана Simbank картасын активдештирген жеке жактар - Кыргыз Республикасынын жарандары Акциянын катышуучулары боло алышат.

2.2. Чакырылган колдонуучулар - Акция мезгилинде катталган, идентификациялоодон өткөн жана картаны активдештирген Simbankтын жаңы кардарлары.

2.3. Simbank карталарын тариздөө кызматтык милдеттерине кирген Банктын кызматкерлери бонустарды алуучулар катары Акцияга катышпайт.

2.4. Банктын кызматкерлерине бонус алуу максатында үчүнчү жактардын (анын ичинде досторунун, туугандарынын, Банктын кызматкерлеринин, ошондой эле башка бардык адамдардын) рефералдык шилтемелерин колдонууга тыюу салынат.

## 3. Акцияны өткөрүү механизми

3.1. Simbank колдонуучуларынын базасы үч тең топко бөлүнөт.

3.2. Ар бир топко Акцияны өткөрүү мезгилинде эки «акциялык жума» берилет:

- 1-топ - 2026-жылдын 12-октябрынан 2026-жылдын 25-октябрына чейин кошо алганда;
- 2-топ - 2026-жылдын 19-октябрынан 2026-жылдын 1-ноябрына чейин кошо алганда;
- 3-топ - 2026-жылдын 26-октябрынан 2026-жылдын 8-ноябрына чейин кошо алганда.

3.3. Өзүнүн «акциялык жумаларынын» ичинде топтун катышуучулары жаңы колдонуучуларды чакырганы үчүн жана чакырылган колдонуучунун картаны активдештиргени үчүн жогорулатылган бонустарды алышат.

3.4. Калган жумаларда топ үчүн Simbank Рефералдык программасынын стандарттуу шарттары колдонулат.

3.5. Банк Акцияны өткөрүү мезгилинде катышуучулардын топторун түзөт. Ар бир катышуучуга жогорулатылган бонус менен эки «акциялык жума» кепилденген түрдө берилет.

3.6. 2026-жылдын 12-октябрынан 1-ноябрына чейинки мезгилде (Акциянын алгачкы үч жумасында) Simbankка кошулган бардык колдонуучулар (чакырылгандар) Акцияга катышуу укугун алышат жана аларга жогорулатылган төлөмдөр менен өздөрүнүн «акциялык жумалары» кепилденген түрдө берилет. Бул колдонуучулар үчүн «акциялык жумалар» 2026-жылдын 2-ноябрынан 15-ноябрына чейинки мезгилге белгиленет.

3.7. 2026-жылдын 2-ноябрынан 15-ноябрына чейинки мезгилде (Акциянын акыркы 2 жумасында) Simbankка кошулган колдонуучулар (чакырылгандар) үчүн Рефералдык программанын стандарттуу шарттары колдонулат: чакырган жана чакырылган адамга 100 (жүз) сомдон.

3.8. «Акциялык жумалардын» колдонуу мөөнөтү жөнүндө маалымат катышуучуларга төмөнкүдөй жеткирилет:

• Simbank мобилдик тиркемесиндеги билдирүү аркылуу;

• тиркеменин ичинде кошумча көрсөтүлөт (жогорулатылган бонустун суммасы жана анын колдонуу мөөнөтү көрсөтүлгөн «Дагы» бөлүмүндөгү баннер).

**4. Бонустардын өлчөмү**

4.1. «Акциялык жумалар» аралыгында төмөнкү бонустар чегерилет:

• Чакырган адамга - рефералдык шилтеме аркылуу өтүп, идентификациялоодон өткөн жана картаны активдештирген ар бир жаңы колдонуучу үчүн 240 сом.

• Чакырылган адамга - идентификациялоодон өткөндөн жана картаны активдештиргенден кийин 240 сом.

4.2. Калган жумаларда топ үчүн Программанын стандарттуу бонустары колдонулат: чакырган жана чакырылган адамга 100 сомдон.

4.3. Бардык бонустар Simbank кешбэк-эсебине автоматтык түрдө чегерилет жана минималдуу сумма 250 сомго жеткенде чыгарып алууга жеткиликтүү болот.

**5. Акциянын шарттарын өзгөртүү жана Акцияны аяктоо**

5.1. Банк Акциянын шарттарын өзгөртүүгө, аны убактылуу токтотууга же мөөнөтүнөн мурда аяктоого укуктуу.

5.2. Өзгөртүүлөр расмий ресурстарда: simbank.kg, dcb.kg жана/же Simbank мобилдик тиркемесинде жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

**6. Байланыштар жана расмий булактар**

• Simbank мобилдик сервисинин сайты: www.simbank.kg

• Банктын сайты: www.dcb.kg

• Simbank мобилдик тиркемеси